# КЫРГЫЗ ТИЛИ МУГАЛИМДЕРИНЕ АРНАЛДЫ

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Чет тилдер Жогорку мектебиндеги Кыргыз тили Координаторлугу тарабынан «Кыргыз тилин чет тил катары окутуу: жаңычылдыктар жана маселелер» («Алтын көпүрө» окуу топтомунун мисалында) аттуу семинар-тренинг болуп өттү. Бул тренингге Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептериндеги кыргыз тили мугалимдери чакырылган.**



Аталган окуу жайда 2017-окуу жылынан баштап жарык көргөн жаңычыл окуу топтому менен чет элден келген студенттерди окутуп-үйрөтүү жараяны жүргүзүлүп келет.

Иш-чаранын биринчи иштиктүү күнүндө Координаторлуктун окутуучулары тарабынан окуу топтомунун методикалык өзгөчөлүктөрү, аны окутуу технологиясы, окутуудагы негизги түрлөр болгон окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, жазуу жана оозеки (монолог жана диалог) түрлөрдү кантип деңгээлдик жана коммуникативдик-функционалдык багытта үйрөтүү керек деген маселелелерге, жардамчы жана кошумча түрлөр болгон грамматиканы жана көрмө фильмдерди ыңгайлуу усул-ыкмалар менен берүү, көнүктүрүү, текшерүү жана баалоо тесттерин туура колдонуу ж.б. маселелери жөнүндө техникалык каражаттар - слайддык көрсөтмө мисалдар аркылуу жогорку деңгээлде көрсөтмөлүү жана кызыктуу баяндамалар жасалды.

Семинар-тренингдин экинчи күнүндө окуу жайдын проректору сүйлөп, бул жаңычыл окуу топтомунун чет тилдүү үйрөнүүчүлөр үчүн кандай мааниси бар экендигин, учурда окуу топтомдору апробацияланып жаткандыгын жана ыкчам өнүгүп жаткан азыркы шартта кыргыз тилин өнүктүрүүдө бул окуу топтомдорунун мааниси эбегейсиз экендигин, ошондой эле бул окутуу комплекси сайтка коюлса келечекте аны дистанттык окутууга, ар түрдүү себептер менен Кыргызстанда туруктуу жана убактылуу жашап жаткан чет элдиктер жана мекеме, ишканалардын кызматкерлери кыргыз тилин өз алдынча окуп-үйрөнүүгө мүмкүнчүлүктөр кеңейерин айтып, аны ишке ашырып жаткан жамаатка ыраазылык билдирди. КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы Н.Ишекеев учурда жалпы республикада мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында жаңычыл методикалык иштер жаралып жаткандыгын баяндап, ушул багыттагы иштерде КТМУда жакшы иштер жүргүзүлүп, ар дайым алгачкылардан болуп баалуу салымдарын кошуп келгендигин белгиледи.

Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү Т. Абдиев, мүдүрдүн орун басары Мухиттин Гүмүш, КТМУнун кыргыз тили координатору Тойчубай Үсөналиев чыгып сүйлөшүп, окуу топтомдорунун ишке ашырылыш процесстерин, андагы алгылыктуу жаңычыл технологияларды колдонуу окутууда жаңы ийгиликтерге алып келерин, окутуунун дүйнөлүк алдыңкы салаттык жетишкендиктерине аралашуунун аракеттери экендигин белгилешти.

Семинар-тренингдин акырында мектеп мугалимдерине сертификаттар, мактоо баракчалары тапшырылды. Мектеп мугалимдери чыгып сүйлөшүп семинар-тренингди уюштуруп, мугалимдерди жаңы маалыматтар менен тааныштыргандыктары үчүн Чет тилдер жогорку мектебинин Кыргыз тил координаторлугуна терең ыраазычылыктарын билдиришти.

**М.ТОКТОРОВ,**
**«Кут Билим»**

# ОГПИДЕ МЕКТЕП МУГАЛИМДЕРИ ҮЧҮН КУРСТАР ӨТҮП ЖАТАТ

**Ош гуманитардык-педагогикалык институтунда мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу бөлүмү тарабынан аймактардагы мектепке чейинки билим берүүчү мекемеле-ишканалардын кызматкерлери, тарбиячылары жана мектептердеги тарыхчы мугалимдер үчүн кесиптик чеберчиликти жогорулатуу боюнча атайын курстар өткөрүлүп жатат. Бул тууралуу окуу жайдын маалымат катчысы Кубаныч Жылкычы уулу билдирди.**

Семинар планга ылайык, 15-январдан 26-январга чейин уланып, катышуучуларга тиешелүү адистер тарабынан кесиптерине жараша окутуунун, тарбиялоонун түрдүү усулдарын колдонуу ыкмалары жана психологиялык жактан билим берилүүдө. Жыйынтыгында уюштуруу тобу тарабынан квалификациялык атайын сертификат тапшырылат.

Аталган курска Ош шаарынан жана Чоң-Алай, Ала-Бука райондорунан мектепке чейинки мекемелердин тарбиячылары жана тарых адистиги боюнча Лейлек, Чоң-Алай жана Кара-Кулжа райондорунан бир топ мектеп мугалимдери катышып, аларга Бишкек шаарындагы И. Арабаев атындагы КМУдан, Кыргыз билим берүү академиясынан келген жана Ош мамлекеттик университетинин, ОГПИнин тиешелүү адистиктер боюнча илимий даражалуу профессорлор, билим берүүнүн мыктылары сабак өтүшүүдө.

Институттун алдында түзүлгөн мектеп мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу бөлүмү тарабынан мектептерде жана бала-бакчаларда кесиптик чеберчиликти жогорулатуу жана заманбап сабактардын үлгүлөрүн жаңы технологиялардын жардамы менен өтүүнү өздөштүрүү жана жогорулатуу максатында усулдук жардам катары үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлүп, жер-жерлерде да семинарлар уюштурулуп келет.

**Ч.К. "Кутбилим"**


**Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта**

**объявляет конкурс на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава во втором полугодии 2017-2018 учебного года:**

**На февраль 2018 года**

1. Декан тренерского факультета - 1
2. Декан факультета допризывной подготовки и физической культуры - 1
3. Декан факультета заочного обучения повышения квалификации и переподготовки кадров - 1

**Сроки приема документов:**
**1 месяц до срока конкурсного избрания**
**Документы направлять по адресу:**
**720064 г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 97**
**КГАФК и С, тел. 57-04-89, 57-27-83**

**Институт горного дела и горных технологий им. акад. У. Асаналиева, КГТУ**

**объявляет конкурс на замещение вакантных должностей профессорско-преподавательского состава:**

1. **Кафедра «Геодезия и маркшейдерское дело»**
Ст. преподаватель - 1
2. **Кафедра «Общетехнические науки»**
Ст. преподаватель – 1
3. **Кафедра «Подземная разработка месторождений полезных ископаемых»**
Ст. преподаватель – 1
4. **Кафедра "Промышленная безопасность"**
Преподаватель - 3
5. **Кафедра «Гидрогеология инженерная геология, ГНиГ»**
Ст. преподаватель – 1, преподаватель-1
6. **Кафедра «Гос. языка и общественные науки»**
Ст. преподаватель – 1

Подача документов на участие в конкурсе на замещение вакантной должности осуществляется в течение 1-го месяца со дня опубликования объявления.

**Документы направлять по адресу:720001,**
**г. Бишкек, пр. Чуй 215, отдел кадров,**
**Телефон 610-906**

**ТРЕБУЕТСЯ**

**Руководитель направления "Педагогика" в Международный университет в Центральной Азии г. Токмок.**

**Должностные обязанности:**

- Осуществлять непосредственное руководство программой. Руководить учебной, методической, воспитательной и научной работой программы.
- Осуществлять работу по разработке, реализации и выполнению основной образовательной программы других дисциплин на основе государственных образовательных стандартов.
- Координировать деятельность профессорско-преподавательского состава программы, а также ППС, обеспечивающих учебный процесс программы.

**Дополнительные требования к должности размещены на сайте www.employment.kg/vacancies/4701**

**Резюме направлять на alymkulov_b@iuca.kg или по адресу: г. Токмок, ул. Шамсинская,2**


Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун жамааты информатика, технология жана искусство кафедрасынын ага окутуучу Түгөлбаев Орозобек Түгөлбаевичтин агасы

**Түгөлбаев Кайыпбектин**

дүйнөдөн кайтканына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат жана аза кайгысын тең бөлүшөт. Маркумдун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун жамааты мектепке чейинки жана башталгыч билим берүү кафедрасынын ага окутуучусу Усупова Мырзагул Кадыевнанын өмүрлүк жолдошу

**Искаков Таласбек Илиясовичтин**

мезгилсиз дүйнөдөн кайтканына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтат жана аза кайгысын тең бөлүшөт. Маркумдун жаткан жери жайлуу, топурагы торко болсун.


**КУТ БИЛИМ**
Коомдук-педагогикалык жана илимий-популярдуу басылма
1953-жылы 7-апрелде негизделген
ГЕЗИТ ЭЭСИ:
КР Билим берүү жана илим министрлиги
Индекс 68411.
Катталуу күбөлүгү №166363-3301-М-е

Башкы редактор *Кубат ЧЕКИРОВ*
Тел.: 62-04-86

**Телефондор:**
Башкы редактордун орун басары жана реклама маалымат борбору: **62-11-95**
Башкы редактордун орун басары: **62-04-68**
Кабарчылар: **62-11-96**
Компьютердик бөлүм: **62-04-93**

«Учкун» АК басмаканасында басылды
Заказ №81
Нускасы: 8145

БИЗДИН ДАРЕК:
720040
Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257.
E-mail: kutbilims@mail.ru